**Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы**

# Кыргыз Республикасында инфляция боюнча баяндама 2005-жылдын биринчи чейреги

**1 (15)**

**2005-жылдын бугу айы**

**Бишкек**

***Кыргыз Республикасында инфляция боюнча баяндама***

Редакциялык Кеңеш:

| | |
|---|---|
| Төрагасы: | Ишенбаев М. |
| Кеңештин мүчөлөрү: | Абдуманапов Э. |
| | Цыплакова Л. |
| | Илебаев Н. |
| | Урустемов С. |
| Жооптуу катчысы: | Бушман Ю. |


Басылманын мазмунуна байланыштуу маселелер боюнча:
Кыргыз Республикасынын Улуттук Банкына
Бишкек шаары, Т.Үмөталиев атындагы көчө, 101, дареги боюнча,
(996 3312) 66-90-59 телефону,
(996312) 61-07-30 факсы аркылуу кайрылсаңыздар болот.
Электрондук почта: ybushman@nbkr.kg

Басылманын таркатылышына байланыштуу суроолор боюнча:
Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын
Тышкы жана коомдук байланыштар бөлүмүнө
Бишкек шаары, Т.Үмөталиев атындагы көчө, 101,
дареги боюнча,
(996 3312) 66-90-09 телефону,
(996312) 61-07-30 факсы аркылуу кайрылсаңыздар болот
Электрондук почта: aaibalaeva@nbkr.kg
http://www.nbkr.kg

Басылма республикадагы жана анын региондорундагы керектөө бааларынын динамикасына түшүндүрмөлөрдү жана инфляциянын негизги факторлорун анализдөөнү камтыйт, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын акчакредиттик саясат чөйрөсүндөгү чечимдери жөнүндө маалымдайт жана келерки мезгилге инфляциялык болжолдоолорду келтирет. Чейрек сайын кыргыз, орус жана англис тилдеринде жарыяланып турат.

Басылманын маалыматтарын жаңыртуунун акыркы күнү: 2005-жылдын 30-апрели.

Уюштуруучусу: Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы.
Басылма Кыргыз Республикасынын Юстиция Министрлигинде каттоодон өткөрүлгөн, жалпыга маалымдоо каражаттарын каттоо жөнүндө 2001-жылдын 2-ноябрындагы 628-номериндеги күбөлүккө ээ.

ЖЧК "Банк кабарчысы" журналынын басма борборунда басууга даярдалды жана басылып чыгарылды.
720071, Бишкек шаары, Чүй проспекти, 265 (УИА биология институтунун имараты), 3-кабат, 354, 355-бөл.
350 нускада чыгарылат.

© Кыргыз Республикасынын Улуттук Банкы, 2005-жыл.

Бул басылма Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын уруксатысыз кайрадан басылып чыгарылууга жана кайсыл формада жана кандай каражаттар аркылуу болбосун таркатылууга тийиш эмес. Басылманы көчүрүп басууда жана котоpууда "Кыргыз Республикасында инфляция боюнча баяндама" басылмасына милдеттүү түрдө таянуу зарыл.

## Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын басылмалары

***Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын жылдык отчету***

Улуттук банктын жылдык отчету Улуттук банктын жыл ичиндеги бүткөргөн иши жөнүндө толук отчету болуп саналат. Ал экономиканын реалдуу секторунун иштешиндеги өзгөрүүлөрдүн жыйынтыктарынын кыскача мүнөздөмөсүн, ошондой эле акчакредит чөйрөсүндөгү Улуттук банктын чечимдерин жана аракеттерин чагылдырат. Өзүнө: экономикалык өнүгүү жана акчакредиттик саясат жөнүндө маалыматты, финансылык отчеттуулукту, Улуттук банк жөнүндө жалпы маалыматтарды, статистикалык тиркемелерди камтыйт. Кыргыз, орус жана англис тилдеринде басылып чыгарылат.

***Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын бюллетени***

"Улуттук банктын бюллетени" Кыргыз Республикасынын реалдуу сектору, финансы сектору, тышкы сектору боюнча макроэкономикалык көрсөткүчтөрүн, ошондой эле баалар жана социалдык көрсөткүчтөр боюнча маалыматтарды камтыйт. Ай сайын кыргыз, орус жана англис тилдеринде жарык көрөт.

***Кыргыз Республикасынын төлөө балансы***

Басылма тышкы сектордун өнүгүү тенденцияларын чагылдырат жана Кыргыз Республикасынын төлөө балансынын аналитикалык жана нейтралдуу формада берилиши, тышкы сооданын түзүмү, эл аралык камдар, тышкы карыз, эларалык инвестициялык позициясы боюнча маалыматтар менен таблицаларды камтыйт. Анда төлөө балансын түзүүнүн ыкмалары жана маалымат базасы келтирилген. Басылма чейрек сайын - январь, май, июль жана октябрь айларында кыргыз, орус жана англис тилдеринде жарыяланып турат.

***Банк системасынын өнүгүү тенденциялары***

Басылма Кыргыз Республикасынын банк тутумунун абалына финансылык ортомчу катары милдетин аткаруунун натыйжалуулугу көз карашында анализ берүүнү, банк тутумунун туруктaшуусуна анын курамдык элементтери боюнча жетишүүдө жана аны колдоп турууда орун алган тоскоолдуктардын бетин ачууну камтыйт. Басылма жарым жылда бир жолу кыргыз, орус жана англис тилдеринде жарыяланат.

***Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын ченемдик актылары***

Басылма коммерциялык банктарга жана коомчулукка маалыматтарды берип туруу жана Кыргыз Республикасындагы банктык мыйзамдарды пропагандалоо максатында, Улуттук банктын ченемдик актыларын расмий жарыялоого багытталган. Айына бир жолу кыргыз жана орус тилдеринде чыгарылат.

***Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын пресс-релизи***

Улуттук банктын пресс-релизи Улуттук банкка тиешелүү окуялар түрмөгүн жана финансы рыногунда апта ичинде болуп өткөн орчундуу маалыматтарды камтыйт. Апта сайын кыргыз жана орус тилдеринде жарыяланат.

**МАЗМУНУ**

**1. ИИНФЛЯЦИЯЛЫК ПРОЦЕССТЕРДИН УЧУРДАГЫ ТЕНДЕНЦИЯЛАРЫ ........................................... 5**

**2. КЕРЕКТӨӨ БААЛАРЫНЫН ИНДЕКСИ ЖАНА АНЫ ТҮЗҮҮЧҮЛӨР ...................................................... 7**

2.1. КЕРЕКТӨӨ БААЛАРЫНЫН ИНДЕКСИН ТҮЗҮҮЧҮЛӨР ...................................................................... 7
2.2. КЕРЕКТӨӨ БААЛАРЫНЫН РЕГИОНДОР БОЮНЧА ДИНАМИКАСЫ ............................................. 8

**3. ИНФЛЯЦИЯ ФАКТОРЛОРУ ........................................................................................................ 10**

3.1. АКЧА ТОПТОМДОРУ ........................................................................................................ 10
3.2. ПАЙЫЗДЫК ЧЕНДЕР ........................................................................................................ 11
3.3. АЛМАШУУ КУРСУ ........................................................................................................ 12
3.4. СУРОО-ТАЛАП ЖАНА СУНУШ ........................................................................................ 13

**4. АКЧАКРЕДИТТИК САЯСАТ БОЮНЧА НЕГИЗГИ ЧЕЧИМДЕР ........................................................... 17**

4.1. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНК БАШКАРМАСЫНЫН НЕГИЗГИ ЧЕЧИМДЕРИ .. 17
4.2. АКЧАКРЕДИТТИК ЖӨНГӨ САЛУУ КОМИТЕТИНИН НЕГИЗГИ ЧЕЧИМДЕРИ .............................. 17
4.3. 2005-ЖЫЛДЫН ЭКИНЧИ ЧЕЙРЕГИНДЕГИ ИНФЛЯЦИЯГА БОЖОМОЛ ........................................ 18

# 1. ИНФЛЯЦИЯЛЫК ПРОЦЕССТЕРДИН УЧУРДАГЫ АБАЛЫ

Улуттук статистика комитетинин алдынала маалыттары боюнча 2005-жылдын биринчи чейрегинде ички дүң продукт 2,0 пайызга көбөйгөн. Алтын кенин өндүрүп алуучу "Кумтөр" комбинатынын продукцияларын эске албаганда, анын өсүшү 4,8 пайызды түзгөн. Өнөржай продукцияларын өндүрүү 4,7 пайызга төмөндөгөн. Алтын кенин өндүрүп алуучу "Кумтөр" комбинатынын продукцияларын эске албаганда, өнөржай продукцияларын өндүрүүнүн өсүшү 6,6 пайыз деңгээлинде түзүлгөн. Айылчарба продукцияларын өндүрүү 1,1 пайызга көбөйгөн.

Тышкы соода жүгүртүү 2004-жылдын тиешелүү мезгилиндегиге салыштырмалуу 16,4 пайызга өскөн. Импорт 25,7 пайызга, экспорт 4,8 пайызга көбөйгөн.

Сомдун атамал жана анык майнаптуу курсунун индекстери акыркы эки жыл аралыгында салыштырмалуу стабилдүүлүктү сактап жатат. Мында, анык майнаптуу курстун бир аз чабалдыгы байкалууда, башкача айтканда баа боюнча атаандаштыкка жөндөмдүүлүк начарлаган жок.

"Акча базасы" жана М2 акча топтомдорунун өсүш арымынын жылдык мааниде төмөндөөсү улануудa. Коммерциялык банктардын депозиттик базасы 2004-жылдын төртүнчү чейрегиндегиге салыштырмалуу 1,4 пайызга көбөйгөн. Мында улуттук валютадагы депозиттер 7,1 пайызга төмөндөгөн, ал эми четөлкө валютасындагы депозиттер 5,0 пайызга өскөн.

Биринчи чейректе банктар аралык карыз алышуулар боюнча пайыздык чендердин орточо деңгээли өткөн чейректеги 4,9 пайыздан 3,8 пайызга чейин кыскарган. Ноталардын кирешелүүлүгү дагы (бир мезгил ичинде орточо) 4,7 пайыздан 3,6 пайызга чейин төмөндөгөн. 2005-жылдын биринчи чейрегинде Улуттук банктын ноталарын жайгаштыруу боюнча жарыяланган 13 аукциондун 10 гана өткөрүлгөн катары таанылган.

Биринчи чейректе жүгүртүү мөөнөтү 3 ай болгон МКВлардын орточо кирешелүүлүгү 1,1 пайыздык пунктка төмөндөгөн жана 3,7 пайызды түзгөн. Жүгүртүү мөөнөтү 6 ай болгон МКВлардын кирешелүүлүгү дагы 0,8 пайыздык пунктка төмөндөгөн жана 4,2 пайызга жеткен. Жүгүртүү мөөнөтү 12 ай болгон векселдердин кирешелүүлүгү 8,6 пайыздан 6,1 пайызга чейин кыскарган.

МКВлардын бардык түрлөрү боюнча пайыздык чендердин орточо салмактанып алынган деңгээли чейректин башындагыга салыштырмалуу 1,6 пайыздык пунктка азайган жана 5,3 пайызды түзгөн.

Биринчи чейректе Улуттук статистика комитетинин маалыматтарына ылайык, керектөө бааларынын индекси 1,7 пайызга көбөйгөн (2004-жылдын тиешелүү мезгилинде керектөө баалары 1,3 пайызга өскөн). 2005-жылдын экинчи чейрегинде керектөө бааларынын өсүшү 2,0-2,1 пайыз деңгээлинде бааланууда.


# 2. КЕРЕКТӨӨ БААЛАРЫНЫН ИНДЕКСИ ЖАНА АНЫ ТҮЗҮҮЧҮЛӨР

## 2.1. КЕРЕКТӨӨ БААЛАРЫНЫН ИНДЕКСИН ТҮЗҮҮЧҮЛӨР


2005-жылдын биринчи чейрегинде баалардын өсүшүнүн 2004-жылдын ушуга окшош мезгилиндегиге салыштырмалуу ылдамдоосу байкалууда. Улуттук статистика комитетинин (УСК) маалыматтары боюнча, жыл башынан бери индекстин өсүшү (2004-жылдын биринчи чейрегинде керектөө баалары 1,3 пайыз өскөн) 1,7 пайызды түзгөн.

Баалардын өсүшүн аныктоочу орчундуу фактор болуп, тамакаш азыктарына карата, ошону менен катар айылчарба азыктүлүктөрүнө карата баанын сезондук жогорулоосу саналат. 2005-жылдын биринчи чейрегинде тамакаш азыктарына карата баанын өсүшү 4,5 пайызды, азыктүлүктөн башка товарларга - 0,2 пайызды, акы төлөнүүчү кызмат көрсөтүүлөргө - 0,2 пайызды түзгөн.

**2.1-график: Керектөө бааларынын индексинин жылдык динамикасы**




**2.2-график: КБИ түзүмү**





### 2.1.1. АЗЫКТҮЛҮК ТОВАРЛАРЫ

Азыктүлүк товарларына карата баанын динамикасы 2005-жылдын биринчи чейрегинде "жашылча жана жемиштер", "майлар жана тоңмайлар", "эт жана балыктар", "нан жана нан азыктары" тобундагы товарларга карата баанын өсүшүнүн таасири астында түзүлгөн.


Баалардын өсүшү бул мезгил үчүн толук түрдө салтуу болуп саналат жана айылчарба азыктүлүктөрүнүн камдарынын акырындык менен кыскарышынын натыйжасында болот. Ошону менен катар, товарлардын жашылча-жемиштер тобуна карата баалар 23,9 пайызга өскөн, анын ичинде баалардын өсүшү жашылчаларга 25,5 пайызды, жемиштерге - 19,4 пайызды түзгөн. 2004-жылы УСК маалыматтары боюнча 1362,5 миң тонна же 2003-жылдагыга караганда 4,2 пайызга көп картошка, 742,2 миң тонна жашылча (9,5 пайызга өсүш), - 175,8 миң тонна мөмө-жемиштер (23,9 пайызга өсүш) жыйналып алынган. Баалардын өсүшү ушул топтогу продукциялардын экспортунун 2004-жылдагы 38,7 пайызга көбөйүүсү менен шартталган.

2004-жылдын биринчи чейрегинде баалардын бираз өсүшү, качан баалар 4,3 пайызга өскөн учур жылдын ушул мезгили үчүн мүнөздүү эмес эле. Алып көрсөк, 2001-2003-жылдардын биринчи чей-

**2.3а графиги: Азыктүлүк товарларына баанын жылдык динамикасы**





**2.3б графиги: Азыктүлүк товарларына баанын жылдык динамикасы**



регинде баалардын жашылчаларга жана жемиштерге карата орточо өсүшү 28,9 пайызды түзгөн.

Баалар азыктүлүк товарларынын ичинен балыкка (4,5 пайыз), майларга жана тоңмайларга (2,1 пайыз), этке жана эт азыктарына (1,4 пайыз), нан азыктарына жана таруууга (1,3 пайыз) өскөн. Бир катар азыктүлүктөр боюнча баалар төмөндөгөн, ошону менен катар сүт жана сүт азыктары 3,2 пайызга, кант жана кондитер азыктары 0,4 пайызга, тамекилер 0,3 пайызга арзандаган.


**2.4а графиги: Азыктүлүктөн башка товарларга баанын жылдык динамикасы**




## 2.1.2. АЗЫКТҮЛҮКТӨН БАШКА ТОВАРЛАР

Азыктүлүктөн башка товарларага баанын индекси 2005-жылдын биринчи чейрегинде 0,2 пайызга өскөн. Баалардын биркыйла жогорулашы инструменттерге жана ар кандай түрдөгү шаймандарга карата боюнча болгон жана ал 6 пайызды түзгөн, курулуш материалдары 2,3 пайызга, медикаменттер - 1,8 пайызга, кыз-келиндердин бут кийимдери - 1,3 пайызга кымбат болгон. Товарлардын айрым түрлөрүнө карата баалар төмөндөгөн, ошону менен катар күйүүчү-майлоочу материалдар 4,7 пайызга, катуу отун 4,4 пайызга арзан болгон.


**2.4б графиги: Азыктүлүктөн башка товарларга баанын жылдык динамикасы**




## 2.1.3. КЫЗМАТ КӨРСӨТҮҮЛӨР

Акы төлөнүүчү кызмат көрсөтүүлөргө баанын индекси 2005-жылдын биринчи чейрегинде 0,2 пайызга өскөн. Чачтарач кызмат көрсөтүүлөрү 3,3 пайызга, мектепке чейинки мекемелер кызмат көрсөтүүлөрү - 2,2 пайызга, кийим тигүү боюнча кызмат көрсөтүүлөр - 1,9 пайызга, маданий иш-чараларды уюштуруу боюнча кызмат көрсөтүүлөр - 1,4 пайызга кымбаттаган.


**2.5а графиги: Акы төлөнүүчү кызмат көрсөтүүлөргө баанын жылдык динамикасы**




## 2.2. КЕРЕКТӨӨ БААЛАРЫНЫН РЕГИОНДОР БОЮНЧА ДИНАМИКАСЫ

2005-жылдын биринчи чейрегинде республиканын бардык региондорунда баалар жогорулаган. Баалардын бир кыйла жогорулоосу Чүй областында белгиленген, анда өсүш 3,4 пайызды түзгөн, анын ичинде тамакаш азыктары 7,6 пайызга, азыктүлүктөн башка товарлар - 1,5 пайызга, кызмат көрсөтүүлөр - 0,3 пайызга өскөн. Ошондой эле баалар Ош, Ысыккөл, Нарын, Талас областарында дагы олут-

**2.5б графиги: Акы төлөнүүчү кызмат көрсөтүүлөргө баанын жылдык динамикасы**



туу өскөн, өсүш 2,2-2,9 пайызды түзгөн, мында тамакаш азыктарына карата баалар 4,1-7,4 пайызга жогорулаган.


Баалардын бир аз өсүшү Баткен областында белгиленген, ал жерде инфляциянын деңгээли 0,5 пайызды түзгөн, мында тамакаш азыктарына карата баалар 3,3 пайызга өскөн, азыктүлүктөн башка товарлар 2,3 пайызга арзандаган.

Бишкек шаарында баалар 1,2 пайызга өскөн, мында баалар азыктүлүк товарларына 3 пайызга, азыктүлүктөн башка товарларга - 0,2 пайызга, акы төлөнүүчү кызмат көрсөтүүлөргө - 0,1 пайызга өскөн. Жалалабат областында инфляциянын деңгээли 1,8 пайызды түзгөн, мында тамакаш азыктары 6,7 пайызга кымбаттаган, азыктүлүктөн башка товарлар 1,6 пайызга арзандаган, ал эми акы төлөнүүчү кызмат көрсөтүүлөргө карата баалар өзгөрүүсүз калган.

**2.6а графиги: КБИнин областтар боюнча жылдык динамикасы**




**2.6б графиги: КБИнин областтар боюнча жылдык динамикасы**




# 3. ИНФЛЯЦИЯ ФАКТОРЛОРУ

## 3.1. АКЧА ТОПТОМДОРУ

### 3.1.1. АКЧА БАЗАСЫ

**3.1-график: Акча топтомдорунун жылдык динамикасы**




Акча базасы 2005-жылдын биринчи чейрегинде 1,8 пайызга же 222,75 млн. сомго көбөйгөн. Мында, Финансы министрлигинин операциялары негизинен, мамлекеттик бюджеттин чыгашаларынын кирешелеринен артып турушунун натыйжасында (Улуттук банктын балансы боюнча) акча базасынын 440,29 млн. сомго өсүшүнө көмөктөшкөн. Улуттук банктын операциялары акча базасын кыскартууга багытталган, ал 217,54 млн. сомду түзгөн. 12 айдын ичинде акча базасынын өсүшү 21,4 пайызды түзгөн. Биринчи чейректе жүгүртүүдөгү акчалардын көлөмү 2,7 пайызга, ал эми 12 айдын ичинде - 18,5 пайызга жогорулаган.

Акча базасынын түзүмүндө жүгүртүүдөгү накталай акчалардын үлүшү 2004-жылдын акырына карата 92,3 пайыздан 93,1 пайызга чейин бир аз көбөйгөндүгү белгиленген. Демек, коммерциялык банктардын Улуттук банктагы корреспонденттик эсептериндеги каражаттарынын үлүшү 7,7 пайыздан 6,9 пайызга чейин төмөндөгөн.

### 3.1.2. М2 ТОПТОМУ

Улуттук валютадагы акча массасынын көлөмүнүн көбөйүүсү 2005-жылдын биринчи чейрегинде 0,8 пайызды түзгөн. Жылдык өлчөмдө М2 акча топтому 18,3 пайызга көбөйгөн. Улуттук валютадагы депозиттер 7,1 пайызга төмөндөгөн. Жылдык өлчөмдө улуттук валютадагы депозиттердин өсүшү 17,7 пайызды түзгөн.

### 3.1.3. М2Х ТОПТОМУ

М2Х акча топтому учурдагы алмашуу курсу боюнча отчеттук мезгилде 2,1 пайызга көбөйгөн. Кеңири маанидеги акча топтомунун көлөмүнүн көбөйүүсү банктардан тышкаркы накталай акчалардын 2,6 пайызга жана коммериялык банктардын депозиттик базаларынын[1] өсүшүнүн эсебинен болгон, анын көлөмү 1,4 пайызга көбөйгөн.

Депозиттик базада олуттуу өзгөрүүлөр болуп

[1] Лицензиялары кайтарылып алынган, бирок жоюу процесси аяктай эле коммерциялык банктардын маалыматтарын эсепке алуу менен.

өткөн. Эгерде, улуттук валютадагы депозиттер 7,1 пайызга төмөндөгөн болсо, четөлкө валютасындагы депозиттер 5 пайызга өскөн.

M2X акча массасынын түзүмүндө төмөндөгүдөй өзгөрүүлөр болуп өткөн:

- банктардан тышкаркы накталай акчалардын үлүшү 57,7 пайызга чейин өскөн (2005-жылдын 1-январына карата 57,4 пайыз);
- улуттук валютадагы депозиттердин үлүшү 11,5 пайызга чейин төмөндөгөн (2005-жылдын 1-январына карата 12,6 пайыз);
- четөлкө валютасындагы депозиттердин үлүшү 30,8 пайызга чейин көбөйгөн (2005-жылдын 1-январына карата - 30,0 пайыз).


Кеңири маанидеги акчалардын мультипликаторунун финансылык ортомчулуктун учурдагы абалын мүнөздөөчү өлчөмү дээрлик өзгөргөн эмес. Четөлкө валютасындагы депозиттерди камтуучу M2X кеңири маанидеги акчалардын жүгүрүү ылдамдыгы туруктуу алмашуу курсу боюнча 5,7 жүгүртүүдөн 5,4 жүгүртүүгө чейин төмөндөгөн. M2X акча топтому үчүн экономиканы монетизациялоонун коэффициенти ИДПнын 17,5 пайызынан 18,5 пайызга чейин жогорулаган. Банктардан тышкаркы акчалардын депозиттерге карата катышы дээрлик өзгөргөн эмес.

## 3.2. ПАЙЫЗДЫК ЧЕНДЕР

### 3.2.1. АКЧА РЫНОГУ

Банк тутумундагы өтүмдүүлүктүн жогорку деңгээли 2005-жылдын биринчи чейрегинин башында акча рыногунун бардык сегменттериндеги пайыздык чендердин төмөндөшүнө көмөктөшкөн. Февраль айынын акырына карата РЕПО операциялары боюнча чен 3,45 пайызды түзгөн, Улуттук банктын ноталарынын кирешелүүлүгү 3,19 пайыз деңгээлине чейин жеткен, ал эми "овернайт" кредити боюнча чен 3,83 пайызга чейин төмөндөгөн. Март айынын көпчүлүк учурунда РЕПО операциялары боюнча чендер 3,45 пайыз деңгээлинде сакталган, ошондой эле Улуттук банктын ноталарынын кирешелүүлүгүндө оңдолуулар болуп, ал айдын орто ченине карата 3,5 пайызды түзгөн. Март айынын акыркы декадасында гана коммерциялык банктардагы үстөк камдар депозиттердин агылып чыгуусунан улам кыскарган жана карыздык каражаттарга карата суроо-талап кескин көбөйгөн. Натыйжада, улуттук валютадагы банктар аралык кредит рыногундагы чендер чейректин акырына карата 4,5 -6,0 пайызга чейин жогорулаган. Ошол эле учурда ноталардын аук-

**3.2-график: Акча рыногунун чендеринин динамикасы**




циондорунда коммерциялык банктардын активдүүлүгү төмөндөгөн жана марттагы акыркы эки аукцион катышуучулардын санынын жетишсиздигинен улам өткөрүлбөй калган катары таанылган.

Биринчи чейректе банктар аралык карыз алышуу боюнча пайыздык чендердин орточо деңгээли өткөн чейректеги 4,9 пайыздан 3,8 пайызга чейин кыскарган. Улуттук банктын ноталарынын кирешелүүлүгү дагы чейрек боюнча орточо 4,7 пайыздан 3,6 пайызга чейин төмөндөгөн.

Ички банктар аралык кредиттер рыногунун валюталык сегментинде биринчи чейректин жыйынтыгы боюнча чендердин орточо деңгээли 4,6 пайыз деңгээлине чейин бираз жогорулаган. Чендердин жогорулоосу мөөнөттүүлүк боюнча дагы, өзгөчө 3 ай мөөнөтүнөн 6 айга чейинки мөөнөттөгү кредиттер боюнча белгиленген. Натыйжада, чендердин олку-солкулугунун диапазону 2004-жылдын төртүнчү чейрегине салыштырмалуу 3,1-6,5 пайыздан 3,6-11,0 пайызга чейин көбөйгөн.

### 3.2.2. МАМЛЕКЕТТИК КАЗЫНА ВЕКСЕЛДЕРИ

**3.3-график: МКВ кирешелүүлүгүнүн динамикасы**




Мамлекеттик казына векселдери рыногунда биринчи чейректе мамлекеттик казына векселдеринин (МКВ) бардык түрлөрү боюнча кирешелүүлүктүн, өзгөчө жүгүртүү мөөнөтү 12 ай болгон баалуу кагаздар үчүн аларга карата суроо-талаптын жогору болгондугунан улам төмөндөгөндүгү байкалган. Натыйжада, март айынын баш ченинде жүгүртүү мөөнөтү 12 ай болгон МКВлар боюнча чен жүгүртүү мөөнөтү 3 жана 6 ай болгон МКВлардын кирешелүүлүгүнө жакындаган.


Биринчи чейректе жүгүртүү мөөнөтү үч ай болгон МКВлардын орточо кирешелүүлүгү 1,1 пайыздык пунктка төмөндөгөн жана 3,7 пайызды түзгөн. Жүгүртүү мөөнөтү алты ай болгон МКВлардын кирешелүүлүгү 0,8 пайыздык пунктка төмөндөө менен 4,2 пайызга жеткен. Жүгүртүү мөөнөтү 12 ай болгон векселдердин кирешелүүлүгү 8,6 пайыздан 6,1 пайызга чейин кыскарган. МКВлардын бардык түрлөрү боюнча пайыздык чендеринин орточо салмактанып алынган деңгээли чейректин башындагыга салыштырмалуу 1,6 пайыздык пунктка азайган жана 5,3 пайызды түзгөн.

### 3.3. АЛМАШУУ КУРСУ

Биринчи чейректе республиканын валюта рыногунда доллардын алмашуу курсунун динами-

касы өткөн жылдын ушуга окшош мезгилиндегиге салыштырмалуу кыйла стабилдүү болгон жана эң башкысы ички факторлор менен аныкталган. Январь жана февраль айларында долларлдын алмашуу курсунун олку-солкулугу калктын жана коммерциялык банктардын четөлкө валютасына карата суроо-талаптарынын күчөшү менен байланыштуу болгон. Мында суроо-талаптын өсүшү негизинен, товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн экспортунан каражаттардын келип түшүүсүнөн, ошондой эле банк тутумуна депозиттердин агылып келүүсүнүн эсебинен компенсацияланган. Бирок, чейректин акырында депозиттердин агылып чыгуусунун башталышы менен долларга карата суроо-талап кескин көбөйгөн. Мына ушул мезгилде валютага карата болгон жогорку суроо-талапты канааттандыруу жана курсту стабилдештирүү максатында, Улуттук банк валюта тооруктарында нак эмес долларларды сатуу боюнча операцияларды жүзөгө ашырган.


3.4-график: 2004-2005-жылдар ичинде банктар аралык валюта рыногундагы доллардын курсунун өсүш арымы




2005-жылдын бүтүндөй биринчи чейрегинде АКШ долларынын эсепке алуу курсу 0,8 пайызга төмөндөгөн. 2004-жылдын биринчи чейрегинин жыйынтыгы боюнча доллардын эсепке алуу курсу 2,18 пайызга төмөндөгөн.

Еврону ала турган болсок, бүтүндөй чейрек ичинде, марттын акыркы декадасын эске албаганда, республиканын валюта рыногунда анын алмашуу курсунун олку-солкулугу дүйнөлүк рынокто евронун курсунун АКШ долларына карата өзгөрүү динамикасына толук ылайык келген. Бүтүндөй чейрек ичинде алмашуу бюролорунда еврону сатуунун курсу 1,4 пайызга, ал эми евронун эсепке алуу курсу - 5,1 пайызга азайган.

3.5-график: Сомдун майнаптуу курсунун индекстери





Биринчи чейректе атамал жана анык майнаптуу курстардын айрым бир бекемделүүсү болуп өткөн. Алып көрсөк, атамал майнаптуу курстун индексинин орточо мааниси 2005-жылдын биринчи чейрегинде 2004-жылдын тиешелүү мезгилендегиге салыштырмалуу 2,9 пайызга төмөндөгөн. Анык майнаптуу алмашуу курсунун индексинин орточо мааниси 0,8 пайызга төмөндөгөн. Ошону менен бирге бул көрсөткүчтөрдүн мааниси жетишерлик туруктуу бойдон кала берүүдө.

## 3.4. СУРОО-ТАЛАП ЖАНА СУНУШ

### 3.4.1. ТЫШКЫ СУРОО-ТАЛАП

Алдын ала маалыматтар боюнча Кыргыз Республикасынын тышкы соодасынын сальдосу 2005-жылдын биринчи чейрегинде 84,2 млн. АКШ дол-

**3.6-график: Соода балансы**




лар өлчөмүндө терс түзүлгөн. Тышкы соода жүгүртүү ФОБ баасында 2005-жылдын биринчи чейрегинде 2004-жылдын ушуга окшош көрсөткүчүнө караганда 16,4 пайызга көбөйгөн.

Товарлардын экспорту ФОБ баасында 2005-жылдын январь-март айларында 4,8 пайызга өскөн. Алтындын экспорту 0,7 пайызга көбөйгөн. Алтынды эске албаганда экспорт 7,7 пайызга өскөн.

2005-жылдын январь-март айларында экспорттун функционалдык түзүмүндө энергопродукцияларды экспорттук берүүнүн көлөмүнүн 46,9 пайызга, керектөө товарларынын - 21,5 пайызга өсүшү белгиленген. Ошол эле учурда инвестициялык товарлардын экспортунун көлөмүнүн 6,0 пайызга, чийки заттарынын 2,5 пайызга жана аралык товарларынын 1,1 пайызга төмөндөгөнү байкалган, бул алгач алтынды, машиналарды жана жабдууларды, жер семирткичтерди, полимерлерди, шиферлерди, медициналык аспаптарды, радиоактивдүү заттарды экспорттоонун кыскарышы менен байланыштуу.

2005-жылдын январь-март айларында алыскы четөлкөлөргө экспорттук берүүлөр 2,5 пайызга кыскарган. Алыскы четөлкөлөргө экспорт боюнча негизги өнөктөштөр болуп, Бириккен Араб Эмираттары (алыскы четөлкөлөргө экспорттун жалпы көлөмүнүн 30,3 пайызы), Швейцария (11,4 пайыз), Канада (4,2 пайыз) жана Кытай (3,5 пайыз) кала берүүдө.

КМШ өлкөлөрүнө экспорт 2005-жылдын январь-март айларында 12 пайызга көбөйгөн. КМШ өлкөлөрүнүн ичинен ири экспорттук өнөктөштөр болуп Россия (КМШ өлкөлөрүнө экспорттун жалпы көлөмүнүн 22,3 пайыз), Казакстан (10,7 пайыз), Тажикстан (3,2 пайыз) жана Өзбекстан (2,1 пайыз) кала берүүдө.

Алдын ала маалыматтар боюнча товарлардын импорту (ФОБ баасында) 2005-жылдын январь-март айларында өткөн жылдын ушуга окшош мезгилиндегиге салыштырмалуу 25,7 пайызга өскөн. Импорттун олуттуу көбөйүүсү КМШ өлкөлөрүнөн жана алыскы четөлкөлөрдөн тиешелүүлүгүнө жараша, 27,2 жана 23,8 пайызга келип түшүүлөр боюнча болгон.

Импорттун өсүшү чийки зат товарларынан тышкары, функционалдык түзүмдүн бардык статьялары боюнча жүргөн. Өсүштүн жогорку арымы инвестициялык товарлар (168,9 пайыз), энергопродуктылар (67,3 пайыз) жана аралык товарлар (41,5 пайыз) сыяктуу товарлар тобуна туура келген. Бул статьялар боюнча импорттолуучу товарлардын ичинен машиналар жана жабдуулар, медикаменттер, электр машиналары жана жабдуулар,

мунайзаттар, медициналык аспаптар жана инструменттер, полимерлер сыяктуу товарларды бөлүп кароого болот.

Импорт боюнча КМШ өлкөлөрүнүн ичинен негизги өнөктөштөр болуп, Россия (КМШ өлкөлөрүнөн импорттун жалпы көлөмүнүн 26,2 пайызы), Казакстан (15,8 пайыз) Өзбекстан (6,6 пайыз) жана Украина (5,7 пайыз), ал эми алыскы чет өлкөлөрдөн импорт боюнча негизги өнөктөштөр болуп, АКШ (8 пайыз), Кытай (5,1 пайыз) жана Германия (4,8 пайыз) саналат.

### 3.4.2. ИЧКИ СУРОО-ТАЛАП

#### 3.4.2.1. ЖЕКЕ КЕРЕКТӨӨЛӨР

Улуттук статистика комитетинин алдын ала маалыматтары боюнча, 2005-жылдын январь-март айларында эмгек акылар 14,5 пайызга көбөйгөн. Анык мааниде анын өсүшү 11,8 пайызды түзгөн. Соода жүгүртүүнүн көлөмү, автомобилдерди, тиричилик буюмдарын жана жеке өздүк керектөө буюмдарын оңдоо 14,3 пайызга өскөн.

#### 3.4.2.2. МАМЛЕКЕТТИК ЧЫГАШАЛАР

Мамлекеттик бюджеттин кирешелери 2005-жылдын биринчи чейрегинде өткөн жылдын тиешелүү мезгилиндегиге караганда, 11,8 пайызга өскөн. Мамлекеттик бюджеттин чыгашалары 19,8 пайызга көбөйгөн. Эмгек акыларды төлөөгө карата чыгашалар 19,2 пайызга өскөн. Мамлекеттик ишканаларга субсидиялардын көлөмү 44,4 пайызга көбөйгөн. Капиталдык салымдарга жана ремонтко 2004-жылдын тиешелүү мезгилиндегиге караганда, каражаттар 51,4 пайызга көп жумшалган.

#### 3.4.2.3 ИНВЕСТИЦИЯЛАР

Улуттук статистика комитетинин ыкчам маалыматтарына ылайык, 2005-жылдын биринчи чейрегинде негизги капиталга (объектилердин курулушу, реконструкциясы, кеңейтүү жана техникалык жабдуулар менен камсыз кылуу) инвестициялар 2004-жылдын биринчи чейрегиндегиге караганда 2,0 пайызга кыскарган. Мында, жабдуулардын салыштырмалуу салмагы инвестициялардын жалпы көлөмүнүн 22,5 пайызын түзгөн.

### 3.4.3. ИЧКИ ДҮҢ ПРОДУКТ

Улуттук статистика комитетинин алдын ала маалыматтары боюнча 2005-жылдын биринчи чейрегинде ички дүң продукт 2,0 пайызга көбөйгөн. Ички дүң продукт "Кумтөр" алтын өндүрүү комбинатынын продукциясын эсепке алуусуз, 4,8 пайызга өскөн. Өнөржай продукцияларынын өндүрүшү 4,7 пайызга кыскарган, ал эми "Кумтөр" алтын өндүрүү комбинатынын продукциясын эсепке алуусуз, өсүш арымы 6,6 пайызды түзгөн. Электр энергиясын, газды жана сууну өндүрүүнүн жана бөлүштүрүүнүн көлөмүнүн өсүш арымы 6,4 пайызды түзгөн. Тамакаш өнөржайы продукцияларын өндүрүү 13,3 пайызга төмөндөгөн. Айылчарба продукцияларын өндүрүү 1,1 пайызга өскөн.

# 4. АКЧАКРЕДИТТИК САЯСАТ БОЮНЧА НЕГИЗГИ ЧЕЧИМДЕР

## 4.1. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНК БАШКАРМАСЫНЫН НЕГИЗГИ ЧЕЧИМДЕРИ

"Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын банк тутумунун өтүмдүүлүгүн колдоого кредити жөнүндө" убактылуу Жобо бекитилди (Улуттук банк Башкармасынын 2005-жылдын 28-мартындагы №7/2-токтому). Бул документте республиканын банк тутумунун стабилдүүлүгүн камсыз кылуу, коммерциялык банктардын өтүмдүүлүгүн жана туруктуулугун колдоо максатында, Улуттук банк тарабынан коммерциялык банктарга берилүүчү кредиттин берилишинин жана төлөнүшүнүн тартиби аныкталган. Коммерциялык банктар бул кредитти 2005-жылдын 28-мартынан 30-июнуна чейин ала алышат. Кредиттин ар бир банк үчүн чектүү өлчөмү анын балансында жеке адамдардын улуттук валютада жайгашып турган депозиттеринин (аманаттарынын) жана алар боюнча 2005-жылдын 28-мартына карата абал боюнча чегерилген пайыздардын көлөмүнө барабар белгиленген. Кредит максаттуу болуп саналат жана анын каражаттары коммерциялык банктар тарабынан улуттук валютадагы аманаттар боюнча жеке адамдар менен эсептешүүлөрдү камсыз кылууда гана пайдаланылышы мүмкүн. Кредит боюнча пайыздык чен Улуттук банктын эсепке алуу ченинин жарымына барабар белгиленген.

## 4.2. АКЧАКРЕДИТТИК ЖӨНГӨ САЛУУ КОМИТЕТИНИН НЕГИЗГИ ЧЕЧИМДЕРИ

Акчакредиттик жөнгө салуу боюнча Комитет акчакредиттик саясат чөйрөсүндөгү оперативдүү чечимдерди иштеп чыгат жана кабыл алат. Чечимдер комитет тарабынан апта сайын кабыл алынат жана финансылык рыноктогу түзүлгөн кырдаалга баа берүүнүн натыйжаларына негизделет.

Банк тутумунда өтүмдүүлүктүн жалпы деңгээлин эске алуу менен жүгүртүү мөөнөтү 28 күндүк ноталарын сатуу боюнча апта сайын өткөрүлүүчү аукциондордо сатуунун көлөмү биринчи чейректе 4,0 млн. сом деңгээлинде белгиленген. Жүгүртүү мөөнөтү 28 күндүк ноталарын сатуу боюнча 13 аукциондун 10 аукциону өткөрүлгөн катары таанылган.

Улуттук банк валюталык жана ачык рынокто операцияларды жүзөгө ашырган, алардын натыйжасында акча базасы тиешелүүлүгүнө жараша 204,83 жана 85,57 млн. сомго кыскарган. Улуттук

банк тарабынан өткөрүлгөн валюталык интервенциялардын чогуу алгандагы көлөмү 8,1 млн. АКШ долларын түзгөн, алардын ичинен четөлкө валюталарын сатуу 6,8 млн. АКШ долларын түзгөн. Мында банктар аралык валюта тооруктарындагы бүтүмдөрдүн жалпы көлөмүндө Улуттук банктын операцияларынын салыштырма салмагы өткөн чейрекке салыштырмалуу 51,3 пайыздан 29,3 пайызга чейин кыскарган.

Банк тутумунда өтүмдүүлүктүн деңгээлинин төмөндөөсү чейректин акарында кредиттик ресурстар рыногунда коммерциялык банктардын активдүүлүгүнүн өсүшүн шарттаган. "Овернайт" кредиттер рыногунда банктар тарабынан карызга алынган каражаттардын көлөмү көбөйгөн жана 1065,3 млн. сомду түзгөн. Банк тутумунда өтүмдүүлүктүн деңгээлин колдоо жана акча рыногундагы чендердин кескин олку-солкулугун текшилөө максатында, Улуттук банк март айынын акыркы күндөрүндө банктарга "овернайт" кредитин берген, СВОП жана РЕПО операцияларын жүргүзгөн.

## 4.3. 2005-ЖЫЛДЫН ЭКИНЧИ ЧЕЙРЕГИНЕ КАРАТА ИНФЛЯЦИЯГА БАА БЕРҮҮ

2005-жылдын экинчи чейрегинде инфляцияга баа берүү боюнча негизги божомолдор:

- негизги керектөө товарларына карата баалардын өсүшү алгылыктуу болот;
- эларалык рыноктордо жогорку өзгөрүлмөлүүлүк сакталмакчы. Орточо алганда мунайзатка жана алтынга карата баанын, ошондой эле негизги валюталарга карата доллардын курсунун төмөндөөсү күтүлбөйт.

2005-жылдын экинчи чейрегиндеги инфляция 2,0-2,1 пайыз деңгээлинде бааланууда.